DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Төрөмырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# АДАТТАРДЫН КЫРГЫЗ УКУКТУК СИСТЕМАСЫНДАГЫ РОЛУ

*Торомырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# РОЛЬ ОБЫЧАЕВ В КЫРГЫЗСКОЙ ПРАВОВОЙ СИСТЕМЕ

*T.T. Toromyrzaev, T.Zh. Boronbaev*

# THE ROLE OF CUSTOM IN THE KYRGYZ LEGAL SYSTEM

*УДК: 101.1:340.15 (575.2)(04)*

*Макалада адаттардын кыргыз укуктук системасындагы орду жана таасири, алардын жашоо камсыздоо, жашоо көнүмүштөрү, мамилелер жана байланыштар ченемдери, ырым-жырым жана каада-салт, чара-аракеттери, элдик-көркөм тажрыйбалары менен болгон байланыштуулугун жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө, жана коомдун өнүгүүсүнүн ар кандай тарыхый этаптарындагы биздин бабаларыбыздын жашоосундагы мамилелерин жөнгө салуу жагынан адаттардын таасиринин даражасынын жана тереңдигинин ар түрдүүлүгү белгиленген жана адамдар аларды жазылбаган, бирок шарттуу мыйзам катары кабыл алынуусун талдоо аракети каралган. Ошону менен бирге, адаттарды коомдук милдеттердин руханий баалуулуктарынын катарында, жеке адамдын жана жамааттын жүрүм-турумун жөнгө салуучу кубаттуу курал катары саналганы, күнүмдүк дүйнө таануудагы калыптанган коомдук ченемдерди өзүнө камтыганы, алардын мааниси жана негизи боюнча ар түрдүүлүгү, иш жүзүндө адамзаттын ишмердүүлүгүнүн баардык түрүн жөнгө салып келгендиги белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *адаттар, жүрүм-турум, жаратылыштын эволюциясы, мыйзам ченемдүүлүк, динамика, табияттын өзгөрүшү, коомдун өзгөрүшү, өз ара аракеттенүү.*

*В статье рассматриваются место и влияние обычаев в правовой системе Кыргызстана, их связи и особенности с жизнеобеспечением, жизненными привычками, нормами отношений и связей, обрядами и обычаями, действиями, народными художественными практиками, а также многообразие степени и глубины влияния обычаев на регулирование отношений в жизни наших предков на различных исторических этапах развития общества, делается попытка проанализировать восприятие их людьми как неписаных, но условных законов. В то же время отмечается, что привычки являются духовными ценностями социальных обязанностей, мощным инструментом регуляции поведения индивида и коллектива, включают в себя социальные нормы, сложившиеся в обыденном мировоззрении, многообразны по своему смыслу и основанию и практически регулируют все виды человеческой деятельности.*

***Ключевые слова:*** *привычки, поведение, эволюция природы, закономерности, динамика, изменение природы, изменение общества, взаимодействие.*

*The article describes the place and influence of customs in the Kyrgyz legal system, their connections and features with life support, life habits, norms of relations and connections, rituals and customs, actions, folk art practices, as well as the diversity of the degree and depth of the influence of customs on the regulation of relations in the life of our ancestors at various historical stages of society development, and an attempt is made to analyze the perception of them by people as unwritten, but conditional laws. At the same time, it is noted that habits are spiritual values of social duties, a powerful tool for regulating the behavior of the individual and the collective, include social norms that have developed in the everyday worldview, are diverse in their meaning and basis, and practically regulate all types of human activity.*

***Key words:*** *habits, behavior, nature evolution, patterns, dynamics, nature change, society change, interaction.*

Адаттар коомдун илгертен берки жөнгө салуучусу болуп саналат жана ал жашоо камсыздоо, жашоо көнүмүштөрү, мамилелер жана байланыштар ченемдери, ырым-жырым жана каада-салт чара-аракеттери, элдик-көркөм тажрыйбалары менен байланыштуу. Алар коомдогу өзүнүн маанисин, коомдук ченемдердин өз алдынча түрү катары бар болушуна шектенүү мүмкүндүктөрүн жаратуучу укук, саясат, адеп-ахлак ж.б. аркылуу чагылдырат. Бирок, адаттар көз карандысыз болуу укугуна ээ жана аны төмөнкү далилдер; биринчиден, адаттардын жашоо бекемдүүлүгү, экинчиден, адамдын жашоо-аракеттеринин баардык маанилүү чөйрөлөрүнө кирүү жөндөмдүүлүгү жана ал жерде жаралган мамилелерди жөнгө салуусу тастыктап турат. Аларды башка коомдук ченемдерден айырмалап туруучу нерсе, бул, ар түрдүү маданияттардагы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



санкциялардын адаттарды бузгандыгы үчүн нааразылык билдиргендигинен баштап, мамилелерди мурункудай улантуудан баш тартууга чейинки түрлөрү болуп саналат. Адаттардын табиятын талдоодо алардын, адамдык болмуштун нарктуу багыты катары, бир жагынан, башынан эле бар болгон болмуштун иш-аракеттүүлүгү аркылуу руханий билим менен байланыштыруучу, дүйнө таануу түрүндө чыгуучу, дүйнөнүн өзгөчө өңүн көрсөтүүчү өзгөчөлүгүн эске алуу абзел. Экинчи жагынан, адаттар, адамдын жашоосун жөнгө салуунун жана башкаруунун маанилүү каражаттары катары иш алып барат. Дүйнөнүн мындай өңү, адамдык иш-аракеттерди жөнгө салуу ыкмаларынын системасындагы адаттардын ордун аныктайт. Коомдун өнүгүүсүнүн ар кандай тарыхый этаптарында, биздин бабаларыбыздын жашоосундагы мамилелерин жөнгө салуу жагынан адаттардын таасиринин даражасынын жана тереңдигинин бирдей эместиги белгиленген. Адамдар аларды жазылбаган, бирок шарттуу мыйзам катары кабыл алышкан.

Адаттар коомдук милдеттердин руханий баалуулуктарынын катарында каралат. Алар, жеке адамдын жана жамааттын жүрүм-турумун жөнгө салуучу кубаттуу курал катары күнүмдүк дүйнө таануу аркылуу өткөн, коомдук ченемдерди өзүнө камтыганы белгилүү. Мааниси жана негизи боюнча ар түрдүү жана ар кандай коомдук ченемдер, иш жүзүндө адамзаттын ишмердүүлүгүнүн баардык түрүн жөнгө салып келген. Адаттар, адамдын үй-бүлөдөгү, жамааттагы жана коомдогу жүрүм-турумуна, кандайдыр бир окуялардын жана көрүнүштөрдүн таасирин көрсөтүүчү, «көпүрө» катары болгон [1]. Чынында эле, ар бир окуя ага таандык салттуу ырым-жырымдар, белгиленген эрежелер менен жөнгө салынган жана анын негизинде адамдар өздүк жүрүм-турумун аныктаган.

Адаттар жөнгө салуучу ченемдик катары бийлик башкаруучулуктун таасирине жана коомдук пикирдин күчүнө таянган. Коомчулук тарабынан айрым адаттардын корголуусунун токтотулушу, бул адаттардын коомдук жашоонун жөнөкөй ченемине айланышына же таптакыр жоюлуусуна алып келген.

Коомдук пикир, башында адаттарга коомдук аракеттүүлүк жана аткаруучу милдеттерди берип, алардын аркасы менен өздүк макамын алгандыгын А.И.Соколов, В.А. Федотовдор: «коомдук мамилелерди жөнгө салуу жараянындагы кыйратуучу жана иштиктүү элементи катары» коомдук пикирдин эки жактуу миссиясын» белгилешет [2].

*Коомдук (жамааттык) пикир* өзүндө жаратуучу дареметтүлүктү камтыгандыгына байланыштуу баалуу жана маанилүү болуп саналат. Коомдук пикирдин көрүнүшүндөгү терс, таңуучу башаты, коомдогу салттуу түрдөгү туруктуу адаттардын, дал келбеген жана ылайыксыз жагдайлардын жаралышына байланыштуу кыйрашына, расмий түрдө уруксат берилгендигинде байкалат. Коомдук пикир гана, бир топ убакыт аралыгында жашап бүткөн, эми эскирген адатка ушундай өкүм чыгара алат.

Ал эми коомдук пикирдин иштиктүү компоненти бир кыйла орчундуу мааниге ээ. Жашоонун бардык баскычтарында адаттар коомдук пикир менен коштолуп, ал түзүлүү мезгилинде өзгөчө маанилүү болот. Бул эки кубулуштун ортосунда тыгыз байланыш бар. Адаттар коомдук пикирди колдогон адамдардын жүрүм-турумунун жана мамилелеринин түрлөрүн гана бекемдеген. Өз кезегинде, жаңы жаралган адат, түптөлө жана өнүгө баштаган коомдук пикирдин иштөөсүнө өбөлгө иретинде пайда болгон. Адаттар, өткөн муундардын аброюнун негизинде жаралган олуттуу көз карандысыздыгын жана таасирин тийгизгендиктен, жамааттык ой-пикирлерге карата артыкчылыкка ээ.

Бирок, коомдук пикир да коомдук турмушта зор кадыр-баркка ээ болуп, ал аркылуу, жеке адамдын жана коомдук топтордун да жүрүм-турумуна коомдук баа берилгендиги, анын жөнгө салуучу милдеттерди аткаруусун көрсөтөт.

Берилүүчү баа, адамдардын колдоосу же айыптоосу аркылуу аныкталгандыктан, коомдун ар бир мүчөсү аны четке кага алган эмес. Адат жана коомдук пикир коомдук жөнгө салуу системасына таандык болуп, жөнгө салуучу катарында, атайын маалымат аркылуу жаш муундарга таасир эткен. Бирок, утурлап өзгөрүүчү келечек муундар аркылуу коомдун руханий-тажрыйбалык жашоосу тынбай өзгөрүп тургандыктан, алардын таасирине да сыналган.

Адаттар, ишмердүүлүктүн түрүнүн так мазмунун аныктоочу, адам жашоосунун тигил же бул кырдаалдагы жалгыз гана жүзөгө ашыруучу түрү эмес. Ал коомдук пикирлер, үрп-адаттар жана каада-салттар аркылуу коомдук өнүгүүнүн татаал жараяндарын жөнгө салып келген. Адамдардын көз-карашы, эрки жана сезимдери, коомдук пикир жана адаттар аркылуу чагылдырылган бирдиктүү психологиялык эритмени түзгөн. Адаттар менен коомдук пикирдин диалектикасы өзүндө, адамдардын аң-сезиминде өзгөчөлөнгөн психологиялык абалды жаратуучу, башкаларга өтүүчү, адамдардын жалпы акыл-ойлорун чагылдырган. Алардын эң туруктуулары, негизгизинен таасирлүүлөрү болуп, бир эле учурда сезимдер чөйрөсүн (маанай, эрк, ынанымдар) жана акыл чөйрөсүн (коомдун ар бир мүчөсүнүн ой-жүгүртүүсүн, ордун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жана мамилесин логикалык жактан негиздөөчү аң-сезим) камтыган коомдук жөнгө салуучулар болушкан.

Коомдук пикир жана адаттар диалектикасы, аларды жараткан шарттарга карата, адаттар бир нече көз карандысыз орунду ээлешкен, ал эми коомдук пикирден болсо колдоо гана талап кылынган. Ошентип, өздөрүн адаттар менен коомдук пикирлерде чагылдыра алган коомдук ченемдер, алгачкы коомдогу маанилүү коомдук жөнгө салуучу болуп бекитилген.

Коомдук система өзүнүн бекемделишинде жана андан аркы туруктуу өнүгүүсүндө, ушул максатка кызмат кылып, өз кезегинде адаттар тарабынан колдоого алынган жана мыйзамдаштырылган ишмердүүлүккө таянган. Муну, адаттардын биринчиден, коомдун негизги жашоо жараяндарынын иштешинде негизделген өткөн муундардын ой-пикирлеринин жана жүрүм-турумдарынын үлгүлөрүн, экинчиден, булардын жардамы менен өткөн ата-бабаларыбыздын руханий жана материалдык баалуулуктарына жаңы келечек муундарынын байланышын сактагандыгы тастыктап турат.

Жогоруда айтылгандардан, адаттарды каада-салттар, ырым-жырымдар жана аземдер менен аныктоо мүмкүнчүлүгүн көрсөк болот. Биз, үрп-адаттар менен каада-салттарды салыштырганда, алардын ичара тыгыз байланыштырган белгилерин байкайбыз. Биринчиден, алар коомдук жана маданий мурастардын элементтерин камтыса; экинчиден, туруктуу жана үчүнчүдөн, коомдук пикир тарабынан колдоого алынган, б.а. психологиялык жагдайларга таянат. Бирок, бул эки категория бири-бирине толугу менен дал келбейт. Ошондуктан, Т.В.Кашанина: «адаттар үстүртөн мүнөзгө ээ, анткени адамдардын жүрүм-турумдарынын сыртына тиешелүү болгондуктан, кайсы бир коомдук мыйзам ченемдүүлүккө таасир этпейт. Бул коомдук жөндөөчүлөрдүн дагы бир айрымасы болуп, адаттардын калыптануусу бир нече муундардын аралыгында жүрсө, ал эми салттар болсо андан кыскараак аралыкта калыптанган. Салттардын ченемдүүлүк катары сакталуусуна жана өнүгүүсүнө кызыкдар негиздөөчүлөр (авторлор), тараптар (жактар) бар. Алардын туруктуулугу азыраак жана жалпыланган болуп, коомдук жөнгө салуунун чектерин жалпылап гана белгилеп, салттарды сактоонун ылайыктуулугуна жана пайдалуулугуна басым жасайт. Ошондой эле, салттарда адаттагыдай мажбурлоо механизми жок [3].

Адаттар, өзүнүн куушураак түзүлүшү менен салттардан айырмаланып, аларга салыштырмалуу адамдардын көбүн эсе сезимдери жана ой-санаалары (эмоции) менен байланышкан. Бирок, В.Д.Плаховдун: «кайсыл гана адат болбосун, ошол эле учурда салт, бирок салттардын баары эле - адат эмес» деп белгилени туура [4]. Анткени адаттарга коомдук тажрыйбалыкта (практикада) жана коомдук аң-сезимде тамырлашына, салттардын жардамы зарыл. Бирок, бардык эле каада-салттар убакыт аралыгында, мындай жагдайлар орун алса да, адат болуп кала бербейт.

Адаттар өзүнүн мазмунунда жүрүм-турум тартибин камтыса, ырым-жырым жана каада-салттар өз мазмунунда эч кандай коомдук маалымат алып жүрбөйт. Г.В. Мальцевдин пикири боюнча, ырым-жырым - түзүлгөн коомдук мамилелерди калыптоочу өзгөчө жоболук мүнөздөгү адаттын бир түрү болуп, каада-салт «кээ бир шарттуу маанидеги кыймыл-аракеттерди аткаруудан турган жүрүм-турум эрежеси» деп да аныкталышы мүмкүн. Бирок ырым-жырымдан айырмаланып, каада-салттын көрсөтмө аракеттери өзүндө белгилүү идеологиялык максаттары камтыйт жана адамдарга күчтүү таасир берет [5].

Кээ бир адаттар ахлактык (моралдык) мааниге ээ болгондуктан мүнөздүү деп аталат. С.И.Ожеговдун орус тил сөздүгүндө «мүнөз – адат, коомдук турмуштун калыбы» [6] деп түшүндүрүлөт. Адеп-ахлак, мамилелердин жүрүм-турумдук жана практикалык жагына эмес, тескеричисинче, ахлактык-мүнөздүк негиздерин жана баалуулуктарын жөнгө салууга багытталган. Адеп-ахлактын маңызы бири-бири менен кагылышуучу коомдук ченемдердин эритмеси түрүндө берилет. Алар, ар түрдүү коомдук мамилелердин кесилишинде, адамдардын кызыкчылыктарын актуалдаштырууга болгон ченемдик системанын жообу катары жаралат. Аларды коомдук турмуштун эгемен жөнгө салгычы катары бөлүүгө болбойт, анткени, коомдук ченемдүүлүк деп таанылган чөйрөдөн, өздүк предметтүүлүгү жана алар аркылуу бекитилген жүрүм-турум эрежелери алынган эмес. Бирок, ал белгилеп өткөн жөндөөчү түрлөрдүн арасында өзгөчө орунду ээлейт. Алар түзүлүүнүн шартталган убактысынын чегинде пайда болуп, анын коомдук жөнгө салуу системасынын элементи катары каралат. Мурунку түзүлүү эскирип, ордуна жаңы түзүлүүнүн убагы келгенде, адаттар жок болбой, кийинки муундарга ата-бабалардын тажрыйбасы иретинде өткөндүгүнө байланыштуу салттуу көрүнүш макамына ээ болот.

Биринчи адаттар пайда болгон байыркы замандардан бери, алар, туугандардын жана уруулаштардын, ошондой эле, уруулар ортосундагы мамилелерди тартипке келтирүү түйшүгүн өзүнө алган. Тууган-урууучулук байланыштар доорунда, архаикалык мамилелердин мозаикалык болмушунда, адаттар жөнгө салуунун жалгыз түрү болгон. Алгачкы жашоонун шарттарына карабастан, алар башка коомдук өз-ара

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



байланыштарына (корреляция) таянбастан, өз милдетин аткара алган.

Адаттар коомдук пикир жана аксакалдар тарабынан колдоого алынгандыктан, жогорку кадырбаркка ээ болгон. Коомдун ошондой өнүгүү баскычында кадимки укук системасы, мамилелердин өнүкпөгөндүгүнө карабай, жамааттык жашоону кынтыксыз жөнгө сала алган.

Мамлекеттүүлүктүн жана укуктун жаралышы менен, адаттардын макамы өзгөргөн. Коомдук жамаатчылыкта, өз убагында чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуу милдеттери көбөйгөндүктөн, жашоо түзүмүнүн жана жеке ой жүгүртүүсүн, коомдук катмарлардын өз ара байланыштары менен кош кызыкчылыктарын жөнгө салуу, жаңы жаралган коомдук корреляциянын чөлкөмдөрүн өз учурунда камтуу үчүн, утурлап көлөмү көбөйгөн байланыштарды жөндөөчү механизмдер керек болгон жагдай түзүлгөн. Салттуу коомдук жөнгө салуучу болгон адаттар менен катарлаш, мамлекеттик бийлик тарабынан зор колдоого алынган, жаңы жөнгө салуучу - *укуктук ченемдер* пайда болгон. Укуктук ченемдер, укук институттарына айланып, ченемдик укуктук актылар аркылуу белгиленип, ошондон бери адамдардын бири-бири менен болгон жүрүм-турум эрежелеринин негизги булактары болуп келүүдө. Бирок, адаттар укуктук ченемдердин таасиринин өскөнүнө карабастан, толугу менен өзүнүн маанисин жоготпой, коомдо жашап келген. Адаттар, чындык жашоонун көп түрдүү жактарындагы мамилелерди жөнгө салуу менен, өздөрүн атайлаштырган жана өздүк өзгөчөлүктөрү менен чагылдырып келүүдө. Тигил же бул жашоонун чөйрөсү, анын ичинде ишмерленген адаттар да өзүнүн изин калтырат. Ошондой эле, алар коомдук мамилелердин көптөгөн түрлөрүн басымдуу жөнгө салуусу да маанилүү.

А.И. Соколов өзүнүн эмгегинде, адаттарда бекемделген дүйнөнүн ыйык деп саналган табигый жана маданий баалуулуктары, адамдардын арасында жаралган өзгөчөлөнгөн тажрыйбалык-руханий байланыш экендигин белгилейт. Адаттарда, коомдук жана адамдык ынтымакты орнотуу үчүн зарыл жана адамдык муктаждыктардын сыпаты жана мааниси камтылган түзүм болуучу маалымат жана баалуулуктар топтолот. Ал белгилегендей, «адаттын убакыттагы жана мейкиндиктеги толук кандуу болушу, адамдын тагдыр чечүүчү жана жашоодогу маанилүү муктаждыктарын канааттандыруу каалоосу менен байланыштуу» [7]. Мындай абалды адаттын коомдогу социалдык жөнгө салуучу катары тарыхый өнүгүүсүү тастыктап келүүдө.

**Адабияттар:**


1. Соколов А.И. Традиции и обычаи как регулятивный и социокультурный феномен общества: автореф. дисс. … канд. филос. наук: 09.00.11 / Соколов Андрей Иванович. - Чебоксары, 2008. - 24 с.
2. Соколов А.И. Регулятивная роль традиционных и обычно-правовых норм в обществе: монография / А.И. Соколов, В.А. Федотов. - Йошкар-Ола: Марийский государственный университет, 2008. - 203 с.
3. Кашанина Т.В. Законотворчество как форма выражения политики / Т.В. Кашанина // Право и государство: теория и практика. - 2005. - №7. - С. 4-10.
4. Плахов В.Д. Социальные нормы. Философские основания общей теории/В.Д. Плахов. - М.: Мысль,1985.-254 с.
5. Мальцев Г.В. Понимание права. Подходы и проблемы / Г.В. Мальцев. - М.: Прометей, 1999. - 419 с.
6. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю., Толковый словарь русского языка: 80 000 слов и фразеологических выражений / С.И. Ожегов, Н.Ю. Шведова; Российская академия наук. Институт русского языка им. В.В. Виноградова. - 4-е изд., доп. - М.: Азбуковник, 1999. - 944 с.
7. Соколов А.И., Регулятивная роль традиционных и обычно-правовых норм в обществе: монография / А.И. Соколов, В.А. Федотов. - Йошкар-Ола: Марийский государственный университет, 2008. - 203 с.